**“Тачка түрткөн бала”**

Сөзү: Шайлообек Дүйшеев

Обону: Сыймык Бейшекеев

Кейпи начар, кийими ала -түлөк

Керзи өтүгү өзүндөй кара жүдөөк

Тачка түртүп, жан багып таңдан – кечке

Ош базарда бир жетим бала жүрөт

Каргадайдан башына токмок салган

Каректерин карадым кош- кош жанган

Каректерин карасам от айланбай

Чоң кишинин көзүндөй токтоп калган

Жеңи менен мурунун сүртүп алып

Желип барат жүгүн  ал түртүп алып

Кесел болгон кемпирдей туралбастан

Жерде жатат жетимге тийчү жарык

Капты ташып карааны караңдаган

Кабагынан баланын салаңдаган

Ата Журтум бечара сени көрдүм

Ала качып көздөрүн алаңдаган

Билем кыргыз баласы экендигин

Тилеп турдум Теңирдин эсендигин

Жалгыз ушул баланын тачкасында

Келаткансып сүйрөлүп Мекен бүгүн